Бекитилген:
Мектеп директору
Акундукулова А.С.

# Мугалимдердин предметтик усулдук бирикмеси жөнүндө жобо

**Жалпы түшүнүк.**

Усулдук бирикме- предметтер боюнча мугалимдерди бириктирип турган мектептин усулдук кызматынын структуралык бөлүгү болуп саналат.

Усулдук бирике бир окуу предметинен сабак берген үчтөн кем эмес мугалимдерден түзүлөт, аны биринчи же жогорку категориядагы мугалим жектеп турат.

Бирикменин иш-аракетинин багыты, мазмуну, формасы жана усулу анын мүчөлөрү тарабынан билим берүү мекемесинин максаты жана милдетине ылайык аныкталат.

**1.Максаты жана милдети.**

Усулдук бирикменин максаты- мугалимдердин кесиптик чебкрчилигин өркүндөтүү болуп саналат.

УБ- астына төмөнкү милдеттерди коет:

-Окуучуларга билим жана тарбия берүүдө рационалдуу усулдарды пайдалануу;

-Мугалимдердин усулдук даярдыгын жана жалпы, дидиктикалык денгээлин дайыма жогорлатып туруу;

-Алдынкы мугалимдердин тажрыйба алмашуусун уюштуруу;

-Окутуу жана тарбиялоого болгон жаңыча мамилелерди иштеп чыгуу;

-Мугалимдердин билимин өркундөөтүүсү жаңы шарттарды түзүү жана мугалимдин чыгармачылык тобун жетектөө

**2.Иш аракеттеринин мазмуну**

-Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүктөн эмнеден кыйналаарын табуу;

-Мугалимдин иш аракетин талдоо, план түзүү;

-Рецензиялоо, окуу программаларын, усулдук колдонмолорду алгачкы экспертизадан өткөрүү;

-Педагогикалык алдынкы тажрыйбаларды үйрөнүү, жалпылоо;

-Предметтик декадаларды, жумалыктарды, предметтик олимпиадаларды, конкурстарды биринчи этабын уюштуруу;

-Ачык сабактарды өткөрүү, өз ара сабакка катышууну уюштуруу;

-Мугалимдер учун усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу;

-Окуучунун окуу мумкунчулугун, жыйынтыктарын талдоо;

-Предмет боюнча жеке пландарды бекитүү.

**3.Уюштуруу иштери:**

-Мугалимдердин Усулдук бирикмесинин жетекчисинин шайлашат.

-Усулдук бирикменин планы Усулдук кенештин отурумунда бекилет;

-Окуу жылынын ичинде 4төн кем эмес отурум өткөрүлөт;

-Усулдук бирикменин отурумунда токтом жазылат.

**УБ иш кагаздар:**

1.УБ ачылгандыгы туралуу буйрук;

2.УБ жетекчинин шайлоо боюнча буйрук;

3.УБ жөнүндө жобо;

4.УБ мугалимдердин функционалдык милдеттери;

5.өткөн окуу жылына берилген талдоо;

6.Усулдук иштин темасы, анан максаты, приоритеттүү багыты жана жаңы окуу жылынын милдеттери;

7. Жаңы окуу жылына түзүлгөн план.

8. УБ айлык планы;

9. УБ мугалимдерине берилген сандык жана сапаттык талдоо;

10.Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү темалары жөнүндө маалымат;

11.УБ кенешмелерди, семинарларды, тегерек столдорду, чыгармачылык отчетторду өткөрүү графиктери;

12.УБ мугалимдердин аттестациялоонун перспективдүү планы;

13.Уб мугалимдердин кесиптик адистигин жогорулатуучу крустардын графиги;

14.УБ мугалимдердин ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иштерин өткөрүү графиги;

15. Предметтик декаданы өткөрүү планы;

16. Программалар(автордук, ыңгайланган, эксперименталдык);

17. Календардык-тематикалык пландар (предметтик,ийримдердин);

18. Усулдук бирикменин жаш мугалимдер менен иштөө планы;

19. Ички көзөмөлдүн жыйынтыктары (экспресс ,информациялык, аналитикалык маалымдамалар, диогностикалар);

20.УБ отурумунун токтомдору.

**УБ укугу**

УБ төмөнкүдөй укуктарга ээ:

-Мугалимдердин дасыктык категориясын жогорлатуу боюнча нускама бере алат жана сунуштарын даярдайт;

-Мектептеги окуу поцессин жакшыртуу боюнча сунуш бере алат, УБ топтолгон алдынкы тажрыйбаларды публикациялоо боюнча маселе коет, УБ мугалимдердин ишин баалоо боюнча маселени администрация мүчөлөрүн алдына коет.

-Мугалимдерди аттестациялоону уюштуруу жана анын мазмуну боюнча сунуш киргизилет.

-УБ атынан «Жыл мугалими», «Эң мыкты класстык жетекчи» конкурсуна катышуучу мугалимдердин кандидатурасын көрсөтөт.

**Усулдук бирикменин иштөө формалары:**

-өз ара сабактарга катышуу, сабактарды талдоо;

-Ачык сабактарды өткөрүү;

-Предметтик декадаларды уюштуруу;

-Балдардын чыгармачылык көргөзмөсүн уюштуруу;

-Педагогикалык окууларды өткөрүү;

-Нускамаларды, көрсөтмөлүктөрдү иштеп чыгуу;

-Семинар, конференцияларды уюштуруу;

-Отурумдарды өткөрүү;

-Кароо конкурстарды уюштуруу;

-«Жыл мугалими»;

-«Чыгармачыл мугалим».